КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО
ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА
БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

# УРМАТТУУ ШАЙЛООЧУ!

- **Өлкөдө эркин добуш берүүгө жана ар бир добушту так эсепке алууга шарттар түзүлгөн! Шайлоонун жыйынтыгын шайлоочулар өздөрү аныктайт!**
- **Сиздин тандооңузга таасир этүүгө, кысым көрсөтүүгө эч кимдин укугу жок! Кимге добуш бергениңизди эч ким билбейт - добуш берүүнүн купуялыгы кепилденет!**
- **Эркин жана жоопкерчилик менен добуш бериңиз!**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ

**Талапкерлер жана партиялар жөнүндө** маалыматты шайлоо участогунда же КР БШК сайтынан билсе болот
**WWW.TALAPKER.SHAILOO.GOV.KG;**

Шайлоочулардын «Тизме» порталындагы шайлоочулардын тизмесинен же **1255 же 119** номерине телефон чалуу менен өзүн тактаса болот
**WWW.TIZME.GOV.KG;**

Добуш берүүнүн жыйынтыктарын КР БШК сайтынан билсе болот
**HTTP://NEWESS.SHAILOO.GOV.KG/;**

КР БШК расмий сайты
**HTTP://SHAILOO.GOV.KG**

**ЖК ШАЙЛОО ВЫБОРЫ**
**28.11.2021**

**КР БШК соцтүйүндөрдө:**

https://www.youtube.com/channel/UC4Hhg8dK8khbhuCO8JaBj6w/videos
https://twitter.com/cec_kyrgyzstan
https://t.me/tsik_kyrgyzstan

КР БШК менен байланышуу үчүн маалыматтар:
**Тел.: +996 312 62 08 23, +996 312 66 02 40** (коомдук кабылдама),
**1255** жана **119** кыска номерлери

**АР БИР ДОБУШ МААНИЛҮҮ – АР БИР ДОБУШ ЭСЕПКЕ АЛЫНАТ!**

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra
german cooperation
From the People of Japan
UNDP

# ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ

Жогорку Кеңеш - **мыйзам чыгаруу бийлигин жана контролдук функцияларын** жүзөгө ашыруучу Кыргыз Республикасынын **жогорку өкүлчүлүктүү органы**.
Жогорку Кеңеш **90 депутаттан** турат жана 5 жылга шайланат.

## Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 80-беренесине ылайык ЖОГОРКУ КЕҢЕШ:

**- Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизет;**

**- мыйзамдарды кабыл алат;**

**- республикалык бюджетти бекитет;**

**- эл аралык келишимдерди ратификациялайт жана денонсациялайт.**

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларын өзгөртүү тууралуу **маселелерди чечет;**

- Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүнүн **маселелерин карайт;**

**- өзгөчө абалды киргизет;** бул маселе боюнча Президенттин жарлыктарын бекитет же жокко чыгарат;

**- согуш жана тынчтык**, согуш абалын киргизүү, согуштук абалды жарыялоо **маселелерин чечет,** бул маселелер боюнча Президенттин жарлыктарын бекитет же жокко чыгарат;

- тынчтыкты жана коопсуздукту колдоо боюнча мамлекеттер аралык келишимдик милдеттенмелерди аткаруу зарыл болгондо Кыргыз Республикасынын **Куралдуу Күчтөрүн** анын чектеринен тышкары жерлерде **пайдалануунун мүмкүнчүлүгү жөнүндө маселени чечет**.

- Министрлер Кабинетинин Төрагасын, анын орун басарларын жана Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүн дайындоого **макулдук берет**;

- Жогорку соттун жана Конституциялык соттун судьяларын **шайлайт** жана аларды кызмат ордунан **бошотот**;

- Конституциялык соттун жана Жогорку соттун судьяларынын арасынан төрагаларын дайындоого жана бошотууга **макулдук берет**;

- Улуттук банктын төрагасын **шайлайт** жана аны кызмат ордунан **бошотот**;

- Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиянын мүчөлөрүн жана Эсептөө палатасынын мүчөлөрүн **шайлайт**;

- Акыйкатчыны (Омбудсменди) жана анын орун басарларын **шайлайт** жана мыйзамда каралган учурларда кызмат ордунан бошотот;

- Президенттин сунуштамасы боюнча Башкы прокурорду дайындоого, бошотууга жана жазык жоопкерчилигине тартууга **макулдук берет**.

**ар жылы угат:**

- республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө Министрлер Кабинетинин отчётун;

- Президенттин кайрылууларын жана чет мамлекеттердин, эл аралык уюмдардын өкүлдөрүнүн сүйлөгөн сөздөрүн;

- Башкы прокурордун, Улуттук банктын, Эсептөө палатасынын төрагаларынын отчётторун;

- Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиянын төрагасынын жана Акыйкатчынын (Омбудсмендин) баяндамасын.

## Жогорку Кеңештин депутаттары үчүн добуш берип, биз кандай мыйзамдар боюнча жашаарыбызды, өлкө кандай өнүгөөрүн тандайбыз!



## ТАТЫКТУУЛАРДЫ ТАНДАП – ӨНҮГҮҮНҮ ТАНДАЙБЫЗ!